Кабыл алынды

№ 2 пед.кеңешме

« 8 » 11 2021-ж.

«Бекитемин»

Мектеп директору:

Умарбаева Н.К.

**Болот бейшеналиев атындагы Калмак-Ашуу орто мектебинин мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү ЖОБО**

**1.Жалпы жоболор**

1.1. билим сапатына мониторинг жургузуу жөнундөгу жобо Кыргыз Республикасынын “Билим беруу жөнундөгу” мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын мектептеринде окуучулардын билимине мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобосунун жана уставынын негизинде иштелип чыгып, билим беруунун сапатына мониторинг жүргүзүүнүн негизги мазмунун жана тартибин аныктайт. Билим сапатына мониторинг жүргүзүү – бул мектептеги билим беруу ишмердүүлүгүн баалоо процедурасын жүргүзүүдө билим сапаты жөнүндөгү маалыматтарды топтоо, жалпы анализ берүү болуп эсептелет. Мониторингдин негизги обьекти болуп окуучу, билим берүү процессинин өзү эсептелет.

1.2. Мониторинг мектептин окуучулары үчүн гуманитардык, математикалык жана табигый циклдагы предметтерден жүргүзүлөт.

**2.Мониторингдин максаты, милдеттери жана функциялары**

1.1. Мониторинг жүргүзүүнүн негизги максаты -окуучулардын окуу процессинде алган билимдеринин сапатына, компетенцияларына жалпы анализ жасоо жана кыска мөөнөттөгү прогноздоо иштерин жүргүзүү.

1.2. Билим берүүнүн сапатына жүргүзүүчү мониторингдин милдеттери төмөнкүлөрдөн турат: негизги билим берүү программасына ылайык окуу процессинин натыйжасында калыптанган калдык билимдердин картинасын түзүү жана сапаттык жана абсолюттук жетишүүсүнө талдоо жасоо; билим берүүнүн сапатына үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жана маалыматтарды алуу: , билим берүүнүн сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорго салыштырмалуу талдоо жасоо жана сунуштарды беруу; мониторинг

жүргүзүнүн натыйжасында алынган маалыматтарга ылайык билим берүү сапатын жогорулатуу боюнча башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу.

2.3. Билим сапатына мониторинг жүргүзүүнүн функциялары:мектеп боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин көрсөткучтөрү боюнча материалдарды топтоо;

билим сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорду аныктоо жана салыштырма анализдерди жүргүзүү;

мониторингдин негизинде алынган маалыматтарды кызматтык милдеттерине ылайык маалымдоо.

**3.Мониторингди даярдоо жана өткөрүү тартиби**

3.1. Мониторинге даярдануу жана өткөрүү жетекчилиги тарабынан алдын ала белгиленген предметтер боюнча оозеки же жазуу түрүндө, бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт. Тиешелүү уюмдар мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык мониторинг өткөрүү үчүн 3 варианттан кем болбогон (ар бири 30 суроону камтыган) тесттик тапшырмаларды, жазуу жүзүндөгү же текшерүү иштерин даярдайт жана алардын варианттарын аныктайт. Тапшырмалар окуучу бир сааттын ичинде аткарып бүтүүсүн эске алуу менен иштелип чыгуусу зарыл.

3.2. Окуучулардын билимине мониторинг жүргүзүү үчүн даярдалган тапшырмалардын топтому жыйынында талкууланып, билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө тапшырылат.

3.3. мектептин окуу иштери боюнча завуч мониторинг өткөрүү боюнча бардык иш аракеттерди координациялайт, окуу жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн кызматкерлери мониторингди уюштуруп өткөрүүгө түздөн түз катышат.

3.4. Мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында баалоо критерийлери кабыл алынган жобого ылайык жүргүзүлүп, “эң жакшы”, “жакшы”, “канаттандыраарлык”, “канаттандыраарлык эмес” деп бааланат.

3.5. Мониторингке белгилүү себептер менен катышпай калган окуучу “келген жок” деп белгиленет жана жыйынтыгында “канаттандыраарлык эмес” деген категорияга киргизилип, орточо жыйынтык баа чыгарылат.

3.6. Мониторинг өткөрүүнүн натыйжасында статистикалык отчет түзүлөт жана отчетто окуучулардын билим деңгээлинин жана компетенцияларынын калыптануусунун сапаттык анализи берилет.